ЖАЛАЛ-АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН
Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
№09/25 ПРОТОКОЛУ

2026-ж. 29-апрель Манас ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 18
Катышкандар: 16
Катышпагандар: 2 (себептүү)

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы ф-м.и.к., доцент М.Р. Нарбаев Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

КҮН ТАРТИБИ:

№	Каралуучу маселелер	Жооптулар	Регламент	Тиешелүү материалдар
1	ЖАЭУнун окуу-усулдук кеңешинин аткарган иштери жөнүндө	Садырова Н.А. – окуу иштери боюнча проректор	10 мин	Баяндама, токтом долбоору
2	ЖАЭУнун сапат кеңешинин аткарган иштери жөнүндө	Ташиева Г.С. – сапат жана дарылоо иштери боюнча проректор	10 мин	Баяндама, токтом долбоору
3	Ар түрдүү маселелер			
3.1	Профессордук-окутуучулук курам жана кызматкерлерге 13-айлык маянасын берүү жөнүндө	Нарбаев М.Р. – ректор	10 мин	Баяндама, токтом долбоору
3.2	30 май өткөрүлүүчү илимий практикалык конференция жөнүндө	Асилова З.А.- илим, МТ ж СИ боюнча проректор	10 мин	Баяндама, токтом долбоору
3.3	ЖАЭУнун «Шифаа клиник» клиникасынын штаттык жадыбалын жана тарифтик-квалификациялык тизмесин бекитүү	Нарбаев М.Р. – ректор	10 мин	Баяндама, токтом долбоору

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

Каралып жаткан маселелер боюнча маалымат берүү 5 мүнөттөн 10 мүнөткө чейин болсун деген регламент сунушталды. Регламентти бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен регламент бир добуштан бекитилди.

1-маселе боюнча *Окуу иштери боюнча проректор Садырова Н.А. сөз сүйлөдү:* – “Урматтуу төрага, урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү! 2025–2026-окуу жылында ЖАЭУнун окуу-усулдук кеңеши тарабынан билим берүү процессинин сапатын жогорулатууга багытталган бир катар иштер аткарылды. Окуу пландары жана силлабустар жаңыланып, мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана эмгек рыногунун талаптарына ылайыкташтырылды. Окутуунун инновациялык ыкмаларын колдонуу, санариптик платформаларды пайдалануу жана окутуучулардын усулдук даярдыгын жогорулатуу боюнча семинарлар уюштурулду. Ошондой эле медициналык билим берүүдө клиникалык багытты күчөтүү жана англис тилиндеги компоненттерди кеңейтүү боюнча иштер

жүргүзүлдү. Кеңеш тарабынан кафедралардын окуу-усулдук материалдары каралып, тиешелүү сунуштар берилди.”

Суроо: Канетова Д.Э. – “Окуу программаларын жаңылоодо эл аралык тажрыйбаларды киргизүү боюнча кандай иштер жүргүзүлдү?”

Жооп: Садырова Н.А. – “Окуу программаларын жаңылоодо эл аралык медициналык билим берүү стандарттары, CLIL элементтери жана компетенттүүлүккө негизделген окутуу моделдери эске алынды. Айрым дисциплиналар боюнча англис тилиндеги модулдар киргизилип жатат.”

Сөзгө чыккандар: Ректор Нарбаев М.Р.: – “Окуу-усулдук кеңешинин иши билим берүүнүн сапатын жогорулатууда маанилүү орунду ээлейт. Өзгөчө санариптик технологияларды киргизүү жана усулдук камсыздоону жаңылоо багытындагы иштерди колдойм.”

Токтом долбоору:

1. ЖАЭУнун окуу-усулдук кеңешинин аткарган иштери боюнча маалымат эске алынсын;
2. Билим берүү программаларын жаңылоо жана санариптик окутуу технологияларын өнүктүрүү боюнча иштер улантылсын;
3. Кафедраларда окуу-усулдук материалдардын сапатын жогорулатуу боюнча көзөмөл күчөтүлсүн.

Токтом долбоору добушка коюлуп, бир добуштан кабыл алынды.

2-маселе боюнча *Сапат жана дарылоо иштери боюнча проректор Ташиева Г.С. сөз сүйлөдү:* – “Урматтуу кесиптештер! 2025–2026-окуу жылында ЖАЭУнун сапат кеңеши тарабынан ички сапат камсыздоо системасын өркүндөтүү боюнча комплекстүү иштер жүргүзүлдү. Билим берүү программаларынын мазмуну, окутуунун натыйжалуулугу жана студенттердин жетишкендиктерин баалоо механизмдери талданып чыкты. Аккредитациялык талаптарга ылайык ички мониторингдер, сурамжылоолор жана өзүн-өзү баалоо иштери жүргүзүлдү. Медициналык билим берүүдө клиникалык практиканын сапатын жогорулатуу, баалоонун ачык-айкын механизмдерин киргизүү жана окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча сунуштар иштелип чыкты. Ошондой эле студенттердин кайтарым байланышын талдоо аркылуу билим берүү процессин жакшыртуу иштери жүргүзүлүүдө.”

Суроо: Морфологиялык дисциплиналар кафедрасынын башчысы Жуманалиева М.Б.: – “Сапатты баалоодо студенттердин пикирлерин эске алуу кандай деңгээлде жүргүзүлүүдө?”

Жооп: Ташиева Г.С.: – “Ар бир семестрде анонимдүү сурамжылоолор өткөрүлүп, анын жыйынтыгы кафедралар жана администрация тарабынан талданат. Натыйжалар окутуунун сапатын жакшыртуу үчүн колдонулат.”

Сөзгө чыккандар: Асилова З.А.: – “Сапат кеңешинин ишмердүүлүгү мамлекеттик жана эл аралык аккредитация талаптарына шайкеш билим берүү системасын калыптандырууда өзгөчө мааниге ээ.”

Токтом долбоору:

1. ЖАЭУнун сапат кеңешинин аткарган иштери боюнча маалымат эске алынсын;
2. Ички сапат камсыздоо системасын өркүндөтүү боюнча иштер улантылсын;
3. Студенттердин жана окутуучулардын кайтарым байланышын талдоо механизмдери күчөтүлсүн;
4. Аккредитация талаптарына ылайык сапатты мониторингдөө системалуу жүргүзүлсүн.

Токтом долбоору добушка коюлуп, бир добуштан кабыл алынды.

3-маселе. Ар түрдүү маселелер

3.1-маселе боюнча Ректор Нарбаев М.Р. сөз сүйлөдү: – “Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү! Университеттин профессордук-окутуучулук курамы жана

кызматкерлери 2025–2026-окуу жылында билим берүү, илим, тарбия жана эл аралык кызматташтык багыттарында жигердүү эмгектеништи. Университеттин өнүгүүсүнө кошкон салымын эске алуу менен кызматкерлерге 13-айлык маяна берүү маселесин кароо сунушталууда. Бул чечим жамаатты материалдык жактан колдоо жана эмгекке болгон кызыгууну жогорулатуу максатын көздөйт.”

Сөзгө чыккандар:

Экономист Нарбаев М.К. – “Урматтуу кесиптештер! Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эмгек акы төлөө жана кызматкерлерди социалдык жактан колдоо боюнча ченемдик-укуктук актыларына ылайык, мекемелер өзүнүн финансылык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша кошумча стимул берүү чараларын колдоно алышат. Тактап айтканда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин эмгек акы фондун пайдалануу тартиби жөнүндө токтомунун негизинде, бюджеттен тышкаркы каражаттардын эсебинен кызматкерлерге кошумча төлөмдөрдү, анын ичинде жылдык жыйынтык боюнча 13-айлык маянаны төлөп берүү мүмкүнчүлүгү каралган. Университеттин финансылык абалы талданып чыгып, мындай төлөмдү этап-этабы менен жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк бар экендиги аныкталды.”

Суроо: Башкы эсепчи Сыдыкова Ү.А.: – “Бул төлөм толук көлөмдө берилеби же дифференцияланган негизде каралабы?”

Жооп: Нарматов М.Н.: – “Төлөм университеттин ички жобосуна ылайык, кызматкерлердин эмгек жыйынтыктарына, иш стажына жана каржылык мүмкүнчүлүктөргө жараша дифференцияланган негизде жүргүзүлүшү мүмкүн.”

Профсоюздук комитеттин төрагасы Райимкулов К.А. - “Урматтуу кеңеш мүчөлөрү! Профсоюз комитети кызматкерлердин социалдык абалын жакшыртуу маселесин ар дайым колдойт. 13-айлык маяна берүү – бул жамааттын эмгегин баалоонун маанилүү формасы. Бул чечим кызматкерлердин мотивациясын жогорулатып, эмгек өндүрүмдүүлүгүнө оң таасирин тийгизет. Профком бул сунушту толук колдойт.”

Суроо: Башкы эсепчи Сыдыкова Ү.А.: – “13-айлык маянаны төлөп берүү университеттин финансылык мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык каралганбы?”

Жооп: Нарбаев М.Р.: – “Финансылык эсептөөлөр жүргүзүлүп, университеттин бюджеттик мүмкүнчүлүктөрү эске алынган. Бул төлөм этаптуу жана ички тартипке ылайык жүргүзүлөт.”

Токтом долбоору:

1. ЖАЭУнун профессордук-окутуучулук курамына жана кызматкерлерине 13-айлык маяна берүү сунушу колдоого алынсын;
2. Төлөмдү жүргүзүү боюнча тиешелүү эсептөөлөрдү жана уюштуруу иштерин аткаруу башкы эсепчиге жүктөлсүн;
3. Төлөмдү жүргүзүүдө дифференцияланган ыкма колдонулсун (эмгек көрсөткүчтөрүн эске алуу менен);
4. Бул чечимдин бекитип берүү жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңештерине сунушталсын.

Токтом долбоору добушка коюлуп, бир добуштан кабыл алынды.

3.2. маселе боюнча окуу илим, мамлекеттик тил жана СИ боюнча проректор З.Асиилова сөз сүйлөдү: Урматтуу кесиптештер баарыныздарга маалым 30 май университетте физика-математика илимдеринин кандидаты, ЖАЭУнун доценти Канетова Динара Эменовнанын 50 жылдык мааракесине арналган «Илим, билим берүү жана санариптик технологиялар: тажрыйба, инновациялар жана өнүгүү» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция өтөт. Юбилейдин алкагында Динара Эменовнага окуу иштерине, илимге, университеттин өсүн өнүгүүсүнө, жаштарды тарбиялоого кошкон чон салымы үчүн Ардак грамотага, жергиликтүү бийликке ыраазычылык кат берүүгө сунушталат. Конференциянын алкагында тезистер жыйнагы чыгат. Конференцияны уюштурууга кеткен чыгымдарды университет тарабынан каржылап берүүнү суранам.

Токтом долбоору

1. Канетова Динара Эменовнанын 50 жылдык мааракесине арналган «Илим, билим берүү жана санариптик технологиялар: тажрыйба, инновациялар жана өнүгүү» аттуу илимий практикалык конференция өткөрүлсүн;

2. Канетова Динара Эменовнага окуу иштерине, илимге, университеттин өсүн өнүгүүсүнө, жаштарды тарбиялоого кошкон чон салымы үчүн Ардак грамота жана 10000 (он мин сом) акчалай сыйлык менен сыйлансын.

3. Конференциянын алкагында чыгып жаткан тезистер жыйнагы, уюштурууга кеткен концелярдык товарлар университет тарабынан каржылансын;

4. Каржылоо жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңешинен сунушталсын.

Токтом долбоору добушка коюлуп, бир добуштан кабыл алынды.

3.3-маселе боюнча Ректор Нарбаев М.Р. сөз сүйлөдү: – Урматтуу кесиптештер! «Шифаа клиник» клиникасы университетибиздин практикалык-окуу жана медициналык кызмат көрсөтүү базасы катары иш алып барууда. Клиниканын ишмердүүлүгүн натыйжалуу уюштуруу, көрсөтүлүүчү медициналык кызматтардын сапатын жогорулатуу жана кызматкерлердин эмгек акыларын жөнгө салуу максатында штаттык жадыбалды жана тарифтик-квалификациялык тизмени карап чыгуу зарылдыгы келип чыкты.

Сунушталып жаткан штаттык жадыбалда клиниканын түзүмү оптималдаштырылып, ар бир кызмат ордуна тиешелүү функционалдык милдеттер так аныкталган. Ошондой эле тарифтик-квалификациялык тизмеде кызматкерлердин кесиптик деңгээлине, иш тажрыйбасына жана квалификациясына жараша эмгек акысынын даражалары негизделген (тиркеме тиркелет). Клиниканын ишмердүүлүгүн каржылоого байланыштуу университеттин 2026-жылга карата чыгымдар сметасына да тиешелүү өзгөртүүлөр киргүүсү абзем.

Бул документтер: эмгек ресурстарын натыйжалуу пайдаланууга; кызматкерлердин жоопкерчилигин жогорулатууга; медициналык кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртууга; ошондой эле клиниканын туруктуу иштөөсүнө шарт түзөт.

Ушуга байланыштуу, «Шифаа клиник» клиникасынын сунушталган штаттык жадыбалын жана тарифтик-квалификациялык тизмесин бекитүүнү сунуштайм.

Токтом долбоору

1. Клиниканын штаттык жадыбалы жана тарифтик-квалификациялык тизмеси жактырылсын.
2. Клиниканын өзүн өзү каржылоо мүмкүнчүлүгүнө жеткенге чейин, бирок алты айдан ашпаган мөөнөткө, анын кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө, дары-дармек, тамак-аш жана чарбалык чыгымдарын университеттин каражаттарынын эсебинен каржылоого макулдук берилсин.
3. Экономистке клиниканын ишмердүүлүгүн каржылоого байланыштуу университеттин 2026-жылга карата чыгымдар сметасына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жана бекитилген тартипте каржылоону камсыз кылуу милдеттендирилсин;
4. Университет менен «Шифаа клиник – ЖАЭУнун клиникасы» ЖЧКсынын ортосунда клиниканын ишмердүүлүгүн каржылоонун тартибин, көлөмүн жана мөөнөтүн аныктаган келишим түзүлсүн.
5. Клиниканын директору Т.М. Белекбаевге университет менен келишим түзүү жана тиешелүү уюштуруу-укуктук иш-чараларды жүргүзүү милдеттендирилсин.

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

ЧЕЧИМ:

1. а) ЖАЭУнун окуу-усулдук кеңешинин аткарган иштери боюнча маалымат эске алынсын;

б) Билим берүү программаларын жаңылоо жана санариптик окутуу технологияларын өнүктүрүү боюнча иштер улантылсын;

в) Кафедраларда окуу-усулдук материалдардын сапатын жогорулатуу боюнча көзөмөл күчөтүлсүн.

2. а) ЖАЭУнун сапат кеңешинин аткарган иштери боюнча маалымат эске алынсын;

б) Ички сапат камсыздоо системасын өркүндөтүү боюнча иштер улантылсын; в) Студенттердин жана окутуучулардын кайтарым байланышын талдоо механизмдери күчөтүлсүн;

г) Аккредитация талаптарына ылайык сапатты мониторингдөө системалуу жүргүзүлсүн.

3. Ар түрдүү маселелер

3.1. а) ЖАЭУнун профессордук-окутуучулук курамына жана кызматкерлерине 13-айлык маяна берүү сунушу колдоого алынсын;

б) Төлөмдү жүргүзүү боюнча тиешелүү эсептөөлөрдү жана уюштуруу иштерин аткаруу башкы эсепчиге жүктөлсүн;

в) Төлөмдү жүргүзүүдө дифференцияланган ыкма колдонулсун (эмгек көрсөткүчтөрүн эске алуу менен);

г) Бул чечимдин бекитип берүү жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңештерине сунушталсын.

3.2. а) Канетова Динара Эменовнанын 50 жылдык мааракесине арналган «Илим, билим берүү жана санариптик технологиялар: тажрыйба, инновациялар жана өнүгүү» аттуу илимий практикалык конференция өткөрүлсүн;

б) Канетова Динара Эменовнага окуу иштерине, илимге, университеттин өсүн өнүгүүсүнө, жаштарды тарбиялоого кошкон чон салымы үчүн Ардак грамота жана 10000 (он мин сом) акчалай сыйлык менен сыйлансын;

в) Конференциянын алкагында чыгып жаткан тезистер жыйнагы, уюштурууга кеткен концелярдык товарлар университет тарабынан каржылансын;

г) Каржылоо жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңешинен сунушталсын.

3.3. а) Клиниканын штаттык жадыбалы жана тарифтик-квалификациялык тизмеси жактырылсын.

б) Клиниканын өзүн өзү каржылоо мүмкүнчүлүгүнө жеткенге чейин, бирок алты айдан ашпаган мөөнөткө, анын кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө, дары-дармек, тамак-аш жана чарбалык чыгымдарын университеттин каражаттарынын эсебинен каржылоого макулдук берилсин.

в) Экономистке клиниканын ишмердүүлүгүн каржылоого байланыштуу университеттин 2026-жылга карата чыгымдар сметасына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жана бекитилген тартипте каржылоону камсыз кылуу милдеттендирилсин;

г) Университет менен «Шифаа клиник – ЖАЭУнун клиникасы» ЖЧКсынын ортосунда клиниканын ишмердүүлүгүн каржылоонун тартибин, көлөмүн жана мөөнөтүн аныктаган келишим түзүлсүн.

д) Клиниканын директору Т.М. Белекбаевге университет менен келишим түзүү жана тиешелүү уюштуруу-укуктук иш-чараларды жүргүзүү милдеттендирилсин.

Көчүрмөсү анык
ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин
окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент: Асилова З.А.